**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар кеңешинде
каралып, бекитүүгө сунушталган
Протокол № 11
"26" 06 2023-ж

Бекитем
Б. Осмонов атындагы
ЖАМУнун ректору, т.и.д.,
профессор К.Ж.Усенов
________________
"___" _______ 20___-ж.

# ЖАЙКЫ СЕМЕСТРДИ УЮШТУРУУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

ЖАЛАЛ-АБАД 2023

Created by Universal Document Converter

## Жайкы семестрди уюштуруу жөнүндө Жобо

*Жайкы семестрди уюштуруу жөнүндө жобого ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин отурумунда кошумча киргизилди, протокол №6, 01.04. 2019-ж.*

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Жобо Билим берүү процессинин сапатын жогорулатуу, студенттерде окуу сабактарынын бардык түрлөрүнө жоопкерчиликтүү мамилени калыптандыруу, жарандардын билим алуу муктаждыктарын толук канааттандыруу жана кредиттик система боюнча окуган студенттерде академиялык карыздардын топтолушуна жол бербөө максатында иштелип чыккан.

1.2. Жайкы семестр Жалал-Абад мамлекеттик университетинин факультеттеринин (институттар, колледждер) жетекчилиги тарабынан студенттердин демилгеси менен уюштурулат:
- Жумасына бир -эки дисциплинага чөмүлүү ыкмасын колдонуу менен интенсивдүү кайталап окутуу жана кредиттик система боюнча окутуу регламентине ылайык экзамен тапшыруу жолу менен академиялык карыздарды жоюу үчүн 2-4 жумага созулат;
**- (2-абзац убактылуу алынып салынды)**

1.3. Академиялык карыз болуп дисциплинанын жана курстук иштин/долбоордун жыйынтыктоочу баасы “канаатандыраарлык эмес” жана сессиянын аягында экзамендик ведомосттогу "келген жок" же "уруксат берилген эмес" деген белги эсептелет. Дисциплина боюнча академиялык карызды жоюу үчүн студент жайкы семестрдин ичинде жумушчу окуу планында каралган окуу сабактарынын бардык түрлөрүнө кайрадан катышууга, анын ичинде курстук иштерди/долбоорду (окуу планында болгон учурда) аткарууга, (сынак тапшырууга) уруксат алып жана сынак тапшырууга тийиш.

1.4. Жайкы семестрдин жыйынтыгын эске алуу менен окуу жылынын жыйынтыгы боюнча 45 кредиттен аз алган студент акы төлөнүүчү негизде кайталап окуу курсуна калат. Анын ичинде мамлекеттик билим берүү гранты/ буйрутмасы боюнча окуп жаткан студент дагы кайталап окутуу курска калтырылгандыктан, ал андан аркы окуу мезгилине мамлекеттик билим берүү грантынан/ буйрутмасынан ажыратылат.

1.5. Кайталап окуу курсуна калтырылган студент тиешелүү окуу жылында колдонуудагы окуу планы боюнча окуйт.

Created by Universal Document Converter

1.6. Студенттер, анын ичинде гранттык негизде окуган, академиялык карызы бар (канааттандырарлык эмес баа алган) же жайкы семестрге курстан курска келбеген студенттер жана которулбайт окуудан чыгарылат. Гранттык негизде окуган студенттер (бул учурда мамлекеттик билим берүү грантынан) буйрутмасынан ажыратылат.

1.7. Студенттерди курстан курска которуу чечими жайкы сынак сессиясынан кийин жана жайкы семестр аяктагандан кийин кабыл алынат. Студентти курстан курска которуу студенттердин мурунку окуу жылы үчүн академиялык карыздары толугу менен жоюлган шартта ишке ашырылат.

1.8. Экзамендик сессиялардын жыйынтыгы боюнча академиялык карызы бар студенттер окуудан чыгарылбайт, анткени жеке арызына ылайык жайкы семестрге же кайталап окуу курсуна катышууга укуктуу. Мында экзамендерди эки жолу (академиялык карызды жоюу максатында) тапшырган студенттер (акыркы жолу - комиссиялык түрдө) жайкы семестрге катыша алышпайт. Бул учурда, студенттин демилгеси боюнча, ал кайталап окуу жылына кала алат. Гранттык негизде окуган студенттер кайталап окуу учурунда (мамлекеттик билим берүү грантынан) буйрутмасынан ажыратылат.

1.9. Студенттер төмөнкү шаоттарды аткарбаганы үчүн жогорку окуу жайдан чыгарылышы мүмкүн:
Студент өзүнүн демилгеси боюнча ректордун буйругу менен студенттин жеке арызы боюнча ЖОЖдон чыгарылышы мүмкүн. (бирок гранттык негизде окуган студенттер мында ЖОЖдо өткөн окуу мезгили үчүн мамлекеттик гранттын наркын төлөп берүүгө милдеттүү):
- өз каалоосу боюнча (конкреттүү себептерин көрсөтпөстөн);
- башка ЖОЖго өткөндүгүнө байланыштуу;
- оорусуна байланыштуу (медициналык мекеменин маалымкатынын негизинде);
- үй-бүлөлүк шарттарга байланыштуу.
Администрациянын демилгеси боюнча окуудан чыгаруу тиешелүү окуу бөлүмүнүн жетекчисинин билдирүүсүнүн негизинде ректордун буйругу менен ишке ашырылат:
- академиялык карыз үчүн;
- окуу тартибин бузгандыгы үчүн (окуу процессинин графигин аткарбоо, мөөнөтү бүткөндөн кийин академиялык өргүүдөн чыкпай калуу);
- ички тартип эрежелерин, жатаканаларда жашоо эрежелерин бузгандыгы үчүн;
- Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өтпөгөндүгүнө байланыштуу;
- студент эркиндигинен ажыратууга соттолгон соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин укукка каршы аракеттерди жасагандыгы же окуусун улантуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган башка жаза үчүн;
- окутууга кеткен чыгымдардын орду толтурулбагандыгына (контракттын шарттары аткарылбагандыгына) байланыштуу.

Created by Universal Document Converter

1.10. Сабактарды кайра окууга жайкы семестрге каттоо окуу жылынын жазгы семестринин аягында экзамендик сессия аяктагандан кийин 1 жуманын ичинде жүргүзүлөт.

## 2. Кошумча семестрди уюштуруу тартиби

2.1. Жайкы семестрде студенттердин төмөнкү категорияларына академиялык карызды/академиялык айырманы жоюу мүмкүнчүлүгү берилет:

- Курстун программасын толук көлөмдө аткарбаган, окуу жылында 60тан аз кредит алгандарга;
- бир багыттан экинчи багытка, же окутуунун башка формасына которуу менен байланышкан академиялык айырмасы барларга;
- кошумча курстарды окуп, кошумча кредит алууну каалагандарга.

2.2. Жайкы семестрдин ичинде багыттын жумушчу окуу планында бекитилген көлөмдө эсепке алынбаган дисциплиналарды толук изилдөө жүргүзүлөт.

2.3. Кошумча жайкы семестрде студенттерди окутуу үчүн окутуучуларды тандоо жеке арыздарынын негизинде жүргүзүлөт. Мында теориялык окуу мезгилинде (күзгү/жазгы семестрде) дисциплинаны тапшыралбаган студентке дисциплинаны өткөргөн окутуучулардын сабак өтүүсүнө жол берилбейт. Өзгөчө учурларда (бул дисциплина боюнча окутуучулардын жоктугу, оорусу боюнча ж.б.) теориялык окуу мезгилинде (күзгү/жазгы семестрде) дисциплинаны тапшыралбаган студентке дисциплинаны өткөргөн окутуучуларга сабактарды өткөрүүгө жол берилет.

2.4. Кошумча семестрдеги 1 кредиттин наркы ар бир окуу жылына ректордун буйругу менен бекитилет. Жеке график боюнча окутууда (дисциплинаны кайра окуу, жекече окутуу, окуу пландарындагы академиялык айырманы тапшыруу) дисциплинаны үйрөнүүгө кеткен иш жүзүндөгү чыгымдарга жана окуучулардын санына жараша эсептелет.

2.5. Окуу жана жайкы семестр мезгилинде студенттердин/магистранттардын көзөмөлдөө билимин контролдоо системасы академиялык мезгилде окуу процессин уюштуруу системасы менен бирдей.

2.6. Экзамендер окуу курсу аяктагандан кийин кошумча (жайкы) семестрдин ар бир ишембисинде өткөрүлөт. Кошумча (жайкы) семестрдеги дисциплиналардын экзамендерин кайра тапшырууга жол берилбейт.

2.7. Студенттерге кызыктырган дисциплиналарды кайра окууга жана тиешелүү кредиттерди алууга мүмкүндүк берүүчү кошумча курстарды уюштуруу максатында курстардын демилгечи-окутуучулары билдирүүлөрдү жана иштелип чыккан жумушчу окуу программаларын ар бир жылдын 15-мартына чейин окуу усулдук кеңешине (ОУК) беришет. ОУК курстардын

Created by Universal Document Converter

максатка ылайыктуулугун карайт жана жайкы семестрде өткөрүлүүчү кошумча курстарга кабыл алуу жөнүндө кулактандырууларды таратат.

2.8. Жайкы семестр башталганга бир жума калганда академиялык карызы бар же кошумча курстарды окугусу келген студент ректордун атына билим берүү кызматтарын көрсөтүү боюнча келишим түзүү жөнүндө арыз берет. Студент тиешелүү структуралык бөлүмдө билим берүү кызматтарын көрсөтүү боюнча келишим түзүп, жайкы семестр башталганга чейин 3 жумушчу күндүн ичинде кошумча семестр үчүн окуу акысын пландоо-экономикалык бөлүмүнө белгиленген сумманы макулдашып, кассага төлөйт.

2.9. Кафедра башчылары кошумча семестр башталаардан бир жума мурда деканатка, окуу бөлүмүнө кошумча семестрдеги дисциплиналарды окутууга талапкерлердин тизмесин беришет.

2.10. Жайкы семестрдеги сабактарды окутууга макул болгон талапкерлер семестр башталганга чейин 3 жумушчу күндөн кечиктирбестен контракт түзүүгө арыз беришет жана контрактты тариздешет.

2.11. Студенттер келишимдерди жана окутуучулар контракттарды түзүү фактысы боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилиги тарабынан билдирүү берилип, анын негизинде жайкы семестрди өткөрүү жөнүндө буйрук таризделет.

2.12. Жайкы семестрдеги сабактардын тизмесинин негизинде, контракт түзгөн окутуучуларды эске алуу менен, жумушчу окуу пландарында белгиленген көлөмдө жайкы семестрдеги сабактардын графиги түзүлөт. Бул семестрдеги сабактардын жүрүшүн көзөмөлдөө факультеттердин декандарына (институттардын жана колледждердин директорлоруна) жүктөлөт.

2.13. "Кыргызстан тарыхы" мамлекеттик сынагынан жана "кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстан тарыхы, Кыргызстан географиясы" дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялык экзаменден академиялык жетишпестиги бар студенттер бул дисциплинаны жайкы кошумча (жайкы) семестрде (4 жума) кайрадан окушат, бирок экзаменди мамлекеттик экзамендик комиссия иштеп жаткан мезгилде тапшырышат.

Жобону түзгөндөр:
Алибаев А.П.
Мавлянов Н.М.

Created by Universal Document Converter